**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**
**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ЮРИДИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТ**
**КЫЛМЫШ ЖАЗА-УКУГУ ЖАНА КРИМИНОЛОГИЯ КАФЕДРАСЫ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**КЫРГЫЗСКИЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. Ж. БАЛАСАГЫНА**
**ЮРИДИЧЕСКИЙ ФАКУЛЬТЕТ**
**КАФЕДРА УГОЛОВНОГО ПРАВА И КРИМИНОЛОГИИ**

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун академиялык саясат башкармалыгынын башчысы**
**доцент Абакирова Г.Б.**
**________________________**
**«____»__________20____ж.**

**«БЕКИТЕМИН»**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун окуу иштери боюнча проректор**
**профессор Темиров Б.Ж.**
**________________________**
**«____»__________20____ г.**

**« Согласовано»**
**Начальник управления академической политики**
**доцент Абакирова Г.Б.**
**________________________**
**«____»__________20___ г.**

**«Утверждаю»**
**Проректор по уч. работе**
**КНУ им.Ж.Баласагына**
**профессор Темиров Б.Ж.**
**________________________**
**«____»__________20___ г.**

# МАМЛЕКТТИК ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ
## 530500 ЮРИСПРУДЕНЦИЯ БАГЫТЫ
**«Жазык укугу» профили**

# П Р О Г Р А М М А
## ИТОГОВОЙ ГОСУДАРСТВЕННОЙ АТТЕСТАЦИИ МАГИСТРАНТОВ
## ПО НАПРАВЛЕНИЮ 530500 – «ЮРИСПРУДЕНЦИЯ»
**профиль – «Уголовное право»**

**БИШКЕК – 2019**

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун Кылмыш жаза-укугу жана криминология кафедрасынын отурумунда талкууланды жана жактырылды**
**Протокол (Токтом) 2019 ж. 6.02 № 6**
**Кылмыш жаза-укугу жана криминология кафедрасынын башчысы**
**ю.и.к., профессор Жээналиева А.О.** ____________________

**Обсуждено и одобрено на заседании кафедры уголовного права и криминологии Юридического факультета КНУ им.Ж.Баласагына**
**Протокол № 6 от 6.02 2019 года.**
**зав.кафедрой уголовного права и криминологии**
**к.ю.н., профессор Жээналиева А.О.** ____________________

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун окуу-методикалык комиссиясынын отурумунда каралып, бекитилген Протокол № 4 «14» 03 2019ж.**
**Ж.Баласагын атындагы КУУнун Юридикалык факультетинин ОМК председатели**
**____________ю.и.к.,доцент И.К.Кубатов**

**Обсуждено и одобрено на заседании Учебно-методической комиссии Юридического факультета КНУ им.Ж.Баласагына. Протокол № 4 от « 14 » 03 2019 года.**
**Председатель УМК Юридического факультета КНУ им.Ж.Баласагына**
**____________к.ю.н.,доцент Кубатов И.К.**

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун Юридикалык факультетинин окумуштуулар кенешинин отурумунда каралып,бекитилген Протокол № 6 «2» 04 20 19 ж.**

**ТҮЗҮҮЧҮЛӨР:**

**кафедра жетекчиси ю.и.к., профессор Жээналиева А.О., ю.и.к.,профессор Салыбекова Т.С., ю.и.к., профессор Батырбаев Б.С., ю.и.к.,доцент Мамытова А.Б., ага окут.Жузубалиева А.К.**

**СОСТАВИТЕЛИ:**

**Зав.кафедрой к.ю.н.,профессор Жээналиева А.О., к.ю.н.,профессор Салыбекова Т.С., к.ю.н.,профессор Батырбаев Б.С., к.ю.н.,доцент Мамытова А.Б.,ст.преп.Жузубалиева А.О.**

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

" Жазык укугу" профили боюнча төмөнкү сабактар боюнча мамлекеттик сынак тапшырууну карайт:

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза укугунун актуалдуу көйгөйлөрү
2. Кыргыз Респубиксындагы жазык процессинин көйгөйлөрү
3. Адамдардын жарандык жана башка укуктарына каршы кылмыштар

***Сынактык билет уч суроону камтыйт***

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш укугунун актуалдуу көйгөйлөрү
2. Кыргыз Респубиксындагы жазык процессинин көйгөйлөрү
3. Адамдардын жарандык жана башка укуктарына каршы кылмыштар

" *Жазык укугу* " профили боюнча мамлекеттик сынака уруксаат алган магистрант, төмөндөгүлөрдү билүүсү зарыл:

- Кылмыш жаза жана Жазык-процессуалдык укугунун абалын, мыйзам ченемдүүлүгүн жана өнүгүү багыттарын, жана алардын тарыхий жана социалдык шарттарын.
- инсандын укугу жана эгемендүүлүгү, кылмыш жаза жана жазык процессуалдык укугунун өнүгүүсүн аныктоодо, конституциялык жобонун маанисин
- азыркы учурдагы кылмыш жаза жана жазык-процессуалдык жөнгө салуунун негизги көйгөйлөрүн
- тергөө жана соттук практиканын кеңири таралган жана типтүү кемчиликтерин
- кылмыш жана жазык-процессуалдык укугунун укуктук жөнгө салынуусунун принциптерине жана максаттарына таасири
- кылмыш жаза жана кылмыш-процессуалдык укуктардын ишин жакшыртуудагы суроолордо теоретикалык себептер
- криминологиялык коопсуздук системасында виктимология боюнча кылмыштуулуктун алдын алуу үчүн ички иштер бөлүмдөрүнүн ишкердигине керектелүүчү, виктимологиянын негизги жоболору жана комплекстүү теоретикалык билим, практикалык тажрыйба менен көндүрүмдөр

Жыйынтыктоочу мамлекеттик жалпы сынактын баалары төмөндөгүчө аныкталат «эн жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес» жана бекитилен тартипте мамлекеттик аттестациялык комиссиянын отурмунун протоколу толтурулгандан кийин ошол эле күнү угузулат.

Мамлекеттик сынакта магистранттардын билим денгээли беш балдык системада бааланат:

- **«Эн жакшы»** - магистрант берилген суроолорго негиздүү, терең жана теориялык туура жооп берип, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, нускамаларды, окуу китептерин, окуу куралдарын, дискуссиялык жана көйгөйлүү маселелерди билгендигин көрсөтүп, жалпылоолорду келтирип жана тыянактарды чыгарганда.
- **«Жакшы»** - магистрант материалды Ж.Баласагын атындагы КУУнун Юридикалык факультетинин окуу процессинин регламентинин денгээлинде билсе, бирок, терминдерди жана категорияларды баяндоодо анча көп эмес каталыктарга жол берсе, бирок окутуучунун жардамы менен тез эле абалдан чыгып жана туура жоопторду тапса.
- **«Канааттандыраарлык»** - магистрант бир суроого туура эмес жооп берип же баардык суроолор анча негиздүү жана, толук эмес жоопторду берип, окутуучунун жардамы менен кетирген каталыктарын оңдоп, туура жооптор билеттин 60% ын түзгөн учурда;
- **"Канааттандырарлык эмес"** – магистрант теоретикалык суроолорго туура эмес жооп берсе, каталарды кетирсе, туура жооптордун жалпы көлөмү 50% аз болсо.

# 1. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

Государственный экзамен по профилю «Уголовное право» предусматривает сдачу экзамена по следующим дисциплинам:

1. Актуальные проблемы уголовного права Кыргызской Республики.
2. Проблемы уголовного процесса Кыргызской Республики.
3. Преступления против гражданских и иных прав человека

Экзаменационный билет состоит из трех вопросов:

1. Актуальные проблемы уголовного права Кыргызской Республики.
2. Проблемы уголовного процесса Кыргызской Республики.
3. Преступления против гражданских и иных прав человека

Магистрант, допущенный к сдаче государственного экзамена по профилю «Уголовное право», должен знать:

- состояние, закономерности и тенденции развития уголовного и уголовно-процессуального права, их историческую и социальную обусловленность;
- значение конституционных положений о правах и свободах личности для определения перспектив развития уголовного и уголовно-процессуального права;
- основные проблемы уголовного и уголовно-процессуального регулирования на современном этапе;
- наиболее распространенные и типичные недостатки следственной и судебной практики;
- влияние назначения и принципов уголовного и уголовно-процессуального права на механизм правового регулирования;
- причины теоретических разногласий в вопросах совершенствования уголовного и уголовно-процессуального права;
- основные положения преступлений против гражданских и иных прав человека и комплекс теоретических знаний, практических умений и навыков, необходимых в деятельности органов внутренних дел.

Результаты итогового государственного экзамена определяются оценками "отлично", "хорошо", "удовлетворительно", "неудовлетворительно" и объявляются в тот же день после оформления в установленном порядке протокола заседания государственной аттестационной комиссии.

Уровень знаний магистранта на государственном экзамене оценивается по пятибалльной системе:

- **«Отлично»** – когда магистрант дает обоснованные, глубокие и теоретически правильные ответы на поставленные вопросы, демонстрирует знание законов Кыргызской Республики, инструкций, учебников, пособий, дискуссионных и проблемных вопросов в сфере уголовно-правовой деятельности, приводит обобщения и выводы;
- **«Хорошо»** – когда магистрант владеет знанием материала на уровне регламента учебного процесса на Юридическом факультете КНУ им. Ж. Баласагына, но им допущены незначительные ошибки в формулировании терминов и категорий, но с помощью преподавателя он быстро ориентируется и находит правильные ответы. Объем правильных ответов составляет 70-80%;
- **«Удовлетворительно»** - когда магистрант неправильно отвечает на один вопрос или дает на все вопросы необоснованные, неполные ответы и только с помощью преподавателя может исправить допущенные ошибки, ответы даны правильно на 60% билета;
- **«Неудовлетворительно»** - когда магистрант дает неправильные ответы на теоретические вопросы, допускает ошибки, совокупный объем правильных ответов менее 50%.

## 2. АДИСТИК БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК СЫНАКТЫН МАЗМУУНУ

### 2.1 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК УКУГУНУН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ” ПРОГРАММАСЫ

**№1. Тема Кылмыш-жаза укугунун жалпы түшүнүгү, максаты, негиздери, түркүмү. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укугун башаттары.**

Кылмыш-жаза укугунун жалпы түшүнүгү жана өзгөчөлүктөрү. Кылмыш-жаза укугун предмети. Кылмыш-жаза укугунмаксаты. Кылмыштуулук менен күрөшүүнүн мамлекеттик саясатынын кылмыш укугундагы көрүнүшү. Мамлекеттин кылмыш укуктук саясаттын түшүнүгү жана мазмуну.

Кылмыш укуктун маселелери жана аларды орундатчу ыкмалары.

Кылмыш-жаза укугун башаттарынын (принциптеринин) түркүмү (системасы). Кылмыш-жаза укугун жалпы жана өзгөчө принциптери. Мыйзамдуулук, жеке жазалык жоопкерчилик, адилеттүүлүк, демократиялуулук, адамкерчилик (гумандуулу), жарандардын мыйзам алдында бирдейлиги, жасаган кылмыш үчүн жоопкерчилик тартаары шексиз экендигинин башаттарынын (принциптеринин) мазмууну.

Кылмыш-жаза укугунунтүркүмү (системасы). Жалпы жана өзгөчө бөлүктөрдүн мазмуундары.

Кылмыш-жаза укугу илими, анын мазмууну жана тапшырмалары. Кылмыш-жаза укугунун башка укук туюмдары менен жана эл аралык кылмыш-жаза укугу менен болгон байланышы.

Кылмыш-жаза укук илиминин башка кылмыш-жаза мыйзамдарындагы орду. Кылмыштуулук менен күрөшүүнүн илимий незидери.

**№2. Тема Кылмыш-жаза мыйзамы.**

Кылмыш-жаза мыйзамынын жалпы түшүнүгү, мааниси жана негизги белгилери. Кылмыш-жаза мыйзамынын жалпы кабыл алынган эл аралык башаттар (принциптер) менен байланышы.

Кылмыш-жаза мыйзамы - кылмыш-жаза укугунун булагы катары. Кылмыш-жаза мыйзамынын тарбиялык таасир тийгизүүчү жана эскертүү ролу. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамынын түптөлүү жана өнүгүү баскычтары (этаптары)

Кылмыш-жаза мыйзамынын түркүмү (системасы) жана түзүлүшү. Жалпы жана өзгөчө бөлүктөрдүн мүнөздөмөлөрү жана айрымачылыктар. Диспозициянын түшүнүгү жана түрлөрү. Санкциянын түшүнүгү жана түрлөрү.

Кылмыш-жаза мыйзамынын убакыт боюнча колдонулушу. Кылмыш-жаза мыйзамынын күчүнө киришинин өзгөчөлүктөрү.

Кылмыш-жаза мыйзамынын мейкиндик боюнча колдонулушу. Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасаган адамдарга карата кылмыш-жаза мыйзамынын колдонулушу. Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан соттолбой турган, чет мамлекеттик дипломатиялык өкүлдөрдү жана башка жарандарды, Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасаганда кылмыш жоопкерчилигине тартуу маселелери.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары кылмыш жасаган адамдарга карата кылмыш-жаза мыйзамынын колдонулушу.

Кылмыш-жаза мыйзамын түшүндүрүү жана түрлөрү. Мыйзамдуу (легалдуу), соттук, илимий (доктриналык), нукура (чыныгы, аутентикалык) түшүндүрүүлөр.

Кылмыш-жаза мыйзамын түшүндүрүү ыкмалары (грамматикалык, түркүмдүк, тарыхый ыкма).

## №3. Тема Кылмыштын түшүнүгү

Кылмыштын жалпы түшүнүгү жана аныктамасы. Кылмыштын белгилери жана алардын кылмыш-жаза укугундагы мазмууну: коомдук коркунуч, укука карама-каршылык, күнөө жана жазалануучу жосун (аракет же аракетсиздик). Кылмыштын башка укук бузуулардан айрымачылыгы.

Кылмыштардын мүнөзүнө, коомдук коркунучтук даражасына жана күнөөнүн түрлөрүнө (формаларына) жараша жиктөөсү (квалификацияланышы). Чон коркунуч келтирбеген кылмыштар, анча оор эмес кылмыштар, оор кылмыштар, өзгөчө оор кылмыштар. Жоосундун (аракет же аракетсиздик) аначалык маанилүү болбогондугу.

Кылмыш жана кылмыштуулук. Кылмыштуулуктун түшүнүгү жана белгилери. Кылмыштуулуктун абалы жана негизги мүнөздөөчү көрсөткүчтөрү. Бир нече жолу кылмыш жасоо, кылмыштар жыйындысы, өнөкөт кылмыштар.

## №4. Тема Кымыш-жаза жоопкерчилиги жана анын негизи. Кылмыш-жаза укуктук мамилелер.

Кымыш-жаза жоопкерчилигинин негизги түшүнүгү, мааниси, шарттары. Кымыш-жаза жоопкерчилигинин башка укуктук жоопкечиликтерден айырымасы.

Кыргыз Республикасынын азыркы иштеп жаткан кылмыш-жаза мыйзамдуулугунда белгилүү жактын кылмыш-укуктук жоопкерчилигинин негизи: кылмыш-жаза мыйзамында каралган кылмыш курамынын белгилерин камтыган жосун жасоо кылмыш-жаза жоопкерчилигинин негизи болуп саналат. Укуктун үстөмдүгүн күчөтүү үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигинин негизинде кылмыш-жаза мыйзамдуулугунун нормаларынын мааниси. Кылмыш-жаза укугундагы укуктук мамилелер. Кылмыш-жаза укуктук мамилелердин түшүнүгү жана мазмууну. Укуктук мамилелердин субъектиси.

## №5. Тема Кымыштын курамы.

Кылмыш-жаза укугундагы кылмыштын курамынын түшүнүгү жана түрлөрү. Кылмыштын жана кылмыштын курамынын бири-бирин толукташы.

Кылмыштын курамынын түзүмү. Кылмыштын курамынын элементтери жана белгилери. Кылмыштын объектиси, объективдүү жагы, субъективдүү жагы жана субъектиси. Кылмыштын курамынын туура, так жана даана белгилөөсүнүн мааниси.

Кылмышты так квалификациалоодо жана акыйкат жаза белгилөөдө кылмыштын курамын туура түзүлүшүнүн мааниси.

Кылмыштын курамынын түрлөрү. Аны класиификациялоо критерийлери.

## №6 Тема Кылмыштын объектиси.

Кылмыш жаза укугундагы кылмыштын объектисинин түшүнүгү. Коомдук мамилелер – кылмыштын объектиси катары. Кылмыштын объектисинин кылмыштын мүнөзүн жана коомго коркунуч келтирүү жагдайларын белгилөөдөгү мааниси. Объектин түрлөрү жана юридикалык адабиятта алардын жиктөөсү (квалификацияланышы).

Кылмыштын жалпы объектиси жана анын мааниси. Кылмыштын тектик (родовой) объектиси жана анын мааниси. Кылмыштын түрдүк (видовой) объектиси жана анын мааниси. Кылмыштын тикелей объектиси. Кылмыштын объектисинин кошумча (факультативтуу) түрлөрү жана алардын мааниси.

Кылмыштын предметинин түшүнүгү жана түрлөрү.

## №7 Тема Кылмыштын объективдүү жагы.

Кылмыш жаза укугундагы кылмыштын объективдүү жагынын түшүнүгү. Кылмыштын объективдүү жагынын мазмууну. Коомдук коркунучтуу жосун (аракет же аракетсиздик) – адамдын коомдогу журум-туруму катары. Кылмыш-укуктук иш-аракеттүүлүк жана анын белгилери. Кылмыш-укуктук иш-аракетсиздик жана анын белгилери. Кылмыштык иш-аракетсиздик үчүн жоопкерчиликтин шарттары.

Коомдук коркунучтуу натыйжалар. Жалпы түшүнүк жана натыйжалардын түрлөрү. Кылмыштын объективдүү жагына жараша материалдык жана формалдык курамдар.

Себептүү байланыш. Себептүү байланыштын объективдүү мүнөздөмөсү. Коомдук коркунучтуу жоосун (аракет же аракетсиздик) жана коомдук коркунучтуу найтыйжаны кароодогу “себеп” жана “шарт” деген түшүнүктөргө коюлган талаптардын түшүнүгү.

Кылмыш-жаза укугундагы себептүү байланыштын аныктамасы. Коомдук коркунучтуу жоосун (аракет же аракетсиздик) жана коомдук коркунучтуу найтыйжанын ортосундагы себептүү байланыш жана аларды юридикалык адабиятта чагылдыруусу. Кылмышкерди жоопкерчилике тартуудагы себептүү байланышты туура таап билүүнүн мааниси.

Кылмыш жасоонун орду, убактысы, абалы, ыкмасы жана чаралары – кылмыштын объективдүү жагынын кошумча (факультативдик) белигилери катары. Алардын кылмыш-укуктук белгилери.

## №8. Тема Кылмыштын субъективдүү жагы.

Кылмыш-жаза укугундагы кылмыштын субъективдүү жагынын түшүнүгү. Кылмыштын субъективдүү жагын мүнөздөөчү белгилер. Кылмыштын субъективдүү жагынын конкреттүү кылмыштардын курамында сүрөттөп берүүчү ыкмалар.

Кылмыш - жаза укугундагы күнөөнүн түшүнүгү. Кунөөнүн башаттары (принциптери). Күнөөнүн түрлөрү жана алардын кылмыш-укуктук мааниси.

Кылмыштык ниеттин түшүнүгү жана түрлөрү. Кылмыштык ниеттин кара ниеттик (ойлонуу, интелектуалдык) жана эрктик (волевой) белгилери. Тикелей жана кыйр ниеттин мазмундары.

Кылмыштык байкабастыктын түшүнүгү жана түрлөрү. Кылмыштык женил ойлуулук жана анын кара ниеттик (ойлонуу, интелектуалдык) жана эрктик (волевой) белгилери. Кылмыштык жеңил ойлуулук кыйыр ниеттен айрымачылыгы. Кылмыштык шалаакылык (этиятсыздык, небрежность) жана анын кара ниеттик (ойлонуу, интелектуалдык) жана эрктик (волевой) белгилери. Кылмыштык женил ойлуулук жана кылмыштык шалаакылыктын (этиятсыздык, (небрежность) айрымачылыктары. Күнөөсүз зыян келтирүүнүн (кокустук) түшүнүгү жана түрлөрү.

Кылмыштын ой ниети (мотиви) максаты жана алардын кылмыш-укуктук мааниси. Ачуулука алдыруу (аффект) жана анын кылмыш-укуктук мааниси.

## №9. Тема Кылмыштын субъектиси.

Кылмыш жаза укугундагы кылмыштын субъектисинин түшүнүгү. Кымыш-жаза жоопкерчилигине тартуу шарттары. Кымыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу курагы жана акыл эси соо кылмыштын субъектисинин сөпсүз түрдөгү белигилери катары. Кылмыштын субъектисинин жана кылмыштык инсан. Кылмыштык инсандын кылмыш-укуктук мааниси.

Кымыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу адамдын курагынын мааниси. Кымыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу курагы жана анын сот практикасындагы аныктамасы.

Акыл эси соо – субъектин белгиси катары. Акыл эси соо эместик аныктамасы жана түшүнүгү.Акыл эси соо эместик. Акыл эси соо, бирок ачууга алдырган адамдын кылмыш жаза жоопкерчилиги.

Мас абалында кылмыш жасаган адамдын кылмыш-жаза жоопкерчилиги. Кылмыштын атайын субъектисинин аныктамасы жана мааниси. Атайын субъектинин түрлөрү жана КР Кылмыш-жаза кодексинин Жалпы жана Өзгөчө бөлүктөрүндө көрсөтүлүнүшү.

**№10. ТемаАякталган жан аякталбаган кылмыш.**

Кылмыштын аякталган жана аякталбаган кылмышка бөлүнүшү. Атайлап жасалган кылмыштардын баскычтары жана алардын түрлөрү. Атайылап жасалган кылмыштардын тепкичтеринин аныктамалары жана кылмыш жоопкерчилигин белгилөөдөгү орду.

Аякталган кылмыштын түшүнүгү жана кылмыштын аякталышынын белгилери. Атайылап жасалган кылмыштардын бачкычтары.

Кылмышка даярдануунун түшүнүгү жана түрлөрү. Кылмышка даярдануу үчүн жоопкерчилике тартуу шарттары.

Кылмыш далалатынын түшүнүгү. Кылмыш далалатынын объективдүү жана субъективдүү белгилери жана түрлөрү. Аякталбаган кылмыш үчүн жаза белгилөөдөгү сот тарабынан эске алынчуу жагдайлар.

Кылмыш жасоодон өз ыктыяры менен баш тартуу жана анын түшүнүгү. Кылмыш жасоодон өз ыктыяры менен баш тартуу учурда кылмыш жоопкерчилигин жокко чыгаруу шарттары. Чын дилинен өкүнүү жана өз ыктыяры менен кылмыш жасоодон баш тартуунун айрымачылыктары.

**№11. Тема Кылмышка шериктеш болуу.**

Шериктештиктин жалпы түшүнүгү, белгилери жана анын кылмыш укуктук мааниси. Шериктештиктин объективдүү жана субъективдүү белгилери жана шериктештердин ортосундагы байланыш.

Шериктештиктин түрлөрү жана алардын бөлүнүү өзгөчөлүктөрү. Кылмышты аткаруучу, уюштуруучу, шыкакчы жана көмөкчү: алардын кылмыштык жоосунун мүнөздөөчү объективдүү жана субъективдүү белгилер.

Кылмыш-жаза укугундагы шериктештиктин түрлөрү (формалары) жана алардын бири-биринен өзгөчөлүктөрү. Кылмыштык шериктештин түрлөрү: адамдар тобу тарабынан алдын ала бүтүмсүз кылмыштын жасалынышы, адамдар тобу тарабынан алдын ала бүтүм боюнча кылмыштын жасалышы, туруктуу уюшулган кылмыштуу топ жана туруктуу бекем кылмыш бирикмеси аркылуу кылмыштын жасалышы. Татаал шериктештик менен жасалган кылмыштар: алардын тушүнүгү, өзгөчөлуктөрү, белгилери.

Шериктештик кылмыш жоопкерчилигин негизи жана шарттары. Шериктештик кылмыштын жоосундарын жиктөө (квалификацияланышы). Шериктештерге жаза белгилөөдөгү оордотуучу жана женилдетүүчү жагдайларды эске алынышынын өзгөчөлүктөрү.

Атайын субъектинин катышуусу менен кылмыш шериктештиги.

Кылмышты аткаруучунун аша чапкандыгы (эксцесс) жана анын кылмыш-укуктук мааниси.

Кылмыштык шериктештен өз ыктыяры менен баш тартуунун өзгөчөлүктөрү. Орун албаган кылмышты уюштуруу жоосун, шыкакчылык жана көмөкчүлүк үчүн жоопкерчилик.

**№13. Тема Жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруу жагдайлары.**

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укугуна ылайык жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруу жагдайларынын түшүнүгү жана түрлөрү.

Коргонуу зарылдыктын түшүнүгү. Жарандардын коргонуу зарылдыгына болгон укугу. Коргонуу зарылдыгынын чегинен аша чабуунун түшүнүгү жана ал үчүн жоопкерчилик.

Аргасыз зарылдыктын түшүнүгү. Аргасыз зарылдыктын мыйзамдуулук чеги. Аргасыз зарылдыгынын чегинен аша чабуунун түшүнүгү жана ал үчүн жоопкерчилик. Коргонуу зарылдыктын жана аргасыз зарылдыктын бири-биринен айрымаланышы.

Кылмыш жасаган адамды кармоодо ага зыян келтирүү. Кылмыш жасаган адамды кармоодо болгон укук жана анын мааниси. Кылмыш жасаган адамды кармоодо зарыл чаралардан аша чабуу: негизги түшүнүк, белгилер жана жоопкерчилик.

Буйрукту же башка тескөөнү аткаруу. Буйрукту же башка тескөөнү аткаруу учурундагы аткаруу үчүн кылмыш жоопкерилигинин өзгөчөлүктөрү.

Орундуу тобокелдик, анын шарты жана укук ченемдүүлүгү.

## №14. Тема Жазанын түшунүгү жана максаттары.

Кылмыш-жаза укугунда бекитилген жазанын түшүнүгү жана белгилери. Адилеттүүлүк жана адамгерчилик (гумандуулук) башаттарынын орундалышы. Жазанын максаттары: социалдык адилеттикти калыбына келтирүү, соттолгондорду оң жолго салуу, башка адамдар тарабынан башка кылмыштардын жасалышынын алдына алуу. Жазанын максаттары туралуу кылмыш-жаза укугунун теориясындагы маселелер.

## №15. Тема Жазанын түркүмү (системасы) жана түрлөрү.

Жазанын түркүмүнүн түшүнүгү жана мааниси. Кыргызстандын тарыхындагы жазанын түркүмүнүн өзгөчөлүктөрү жана азыркы учурдагы көрүнүшү.

Жазанын түрлөрү. Негизги, кошумча жана негизги-кошумча (аралаш) жазалар.

Коомдук жумуштарга тартуу, айып, үч эселеген айып, белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу, келтирилген зыяндын ордуна келтирүү менен бирге эл алдында кечирим келтүрүү, ондоочу иштерге тартуу, эркиндигин чектөө, тартиптик аскер бөлүгүнө кармоо, эркиндигинен ажыратуу, өмүр бою эркинен ажыратуу. Жазалардын түшүнүгү, бири-биринен өзгөчөлүктөрү, айрымалыктары жана ооруңдалыштары. Мүлктү конфискациялоо.

## №16. Тема Жаза белгилөө.

Жаза белгилөөнүн жалпы негиздери. Жаза белгилөөдөгү кылмыштык жосундун мүнөзүн, коомдук коркунуч, укука карама-каршылык, күнөөлүлүк, күнөкөрдүк мүнөздөмөсүн, женилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларынын эске алынышы.

Жазаны женилдетүүчү жагдайладын түшүнүгү, түрлөрү жана мүнөздөмөсү. Женилдетүүчү жагдайларын эске алуу менен бирге жаза чектөөнүн өзгөчөлүктөрү.

Жазаны оордотучу жагдайларын түшүнүгү, түрлөру жана мүнөздөмөсү. Оордотучу жагдайларын эске алуу менен бирге жаза чектөөнүн өзгөчөлүктөрү.

Мыйзамда каралгандан жеңилирээк жаза белгилөө жана андай шартты колдонуу өзгөчөлүктөрү.

Аякталбаган кылмыш үчүн жаза белгилөө: кылмышка даярдануу, кылмыш далалаты үчүн жана кылмыш жасоого кошо катышкандыгы үчүн жаза белгилөө.

Өнөкөт кылмыштар үчүн жаза белгилөө.

Бир нече кылмыш жасаган үчүн жаза белгилөө. Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза белгилөө.

Жазаларды кошуу жана кошуп эсептөө эрежелери. Жазанын мөөнөттөрүн эсептөө.

Шарттуу соттоо. Шарттуу соттоону жокко чыгаруу же сынак мөөнөтүн узартуу.

### №17. Тема Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу.

Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуунун түшүнүгү жана анын кылмыш-жаза укугундагы орду. Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуунун түрлөрү жана алардын жоосунду жокко чыгаруу жагдайлардан айрымачылыгы.

Кырдаалдын өзгөрүшүнөн же адамдын коомдук корукнучтуулугун жоюлушунан улам кылмыш-жаза жоопкерчилгинен бошотуу.

Жабырлануучу менен соттолуучунун ортосунда макулдашууга жетишилгенде кылмыш-жаза жоопкерчилгинен бошотуу.

Соттолуучуну анын чогуу иштешкендерине тарбия үчүн берилген шартта кылмыш-жаза жоопкерчилгинен бошотуу. Кылмыш-жаза жоопкерчилгине тартуунун эскириши.

### №18. Тема Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу.

Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуунун түшүнүгү жана анын кылмыш-жаза укугундагы орду. Кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуунун түрлөрү жана алардын жоосунду жокко чыгыруу жагдайлардан айрымачылыгы.

Кырдаалдын өзгорүшүнөн же адамдын коомдук коркунучтуулугун жоюлушунан улам кылмыш-жаза жоопкерчилгинен бошотуу.

Жабырлануучу менен соттолуучунун ортосунда макулдашууга жетишилгенде кылмыш-жаза жоопкерчилгинен бошотуу.

Соттолуучуну анын чогуу иштешкендерине тарбия үчүн берилген шартта кылмыш-жаза жоопкерчилгинен бошотуу. Кылмыш-жаза жоопкерчилгине тартуунун эскириши.

Жазадан бошотуунун түшүнүгү жана анын кылмыш-жаза укугундагы орду. Жазадан бошотуунун түрлөрү.

Адамдын коомго коркунучтуу болбой калышынан улам жазадан бошотуу.

Жаза өтөөдөн мөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу жана бул шартты колдонуу өзгөчөлүктөрү.

Жазанын өтөлө элек бөлүгүн кыйла жеңил жаза менен алмаштыруу жана анын жаза өтөө мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу менен айрымачылыгы.

Катуу оорусуна байланыштуу жазадан бошотуу. Бул шарт колдонулучу адамдардын категориясы.

Жаш балдары бар соттолгондорго карата жазаны өтөөснү кийинкиге калтыруу: негизи, аткаруу шарттарынын өзгөчөлүктөрү.

Айыптоо өкүмүн аткаруу мөөнөтүнүн эскиришинен улам жазадан бошотуу. Өкүм аткаруу мөөнөтүнүн токтотула турган өзгөчөлүктөрү.

### №19. Тема Мунапыс. Кечирим берүү. Соттулук.

Мунапыстын түшүнүгү. Мунапыс менен чечилүүчү суроолор. Мунапыстын мааниси.

Кечирим берүүнүн түшүнүгү. Кечирим берүү менен чечилүүчү суроолор. Кечирим берүүнүн мааниси.

Мунапыстын жана кечирим берүүнүн реабилитациядан айрымачылыгы.

Соттулуктун түшүнүгү жана анын укуктук мааниси. Сот соттуулугун жоюлуш мөөнөтү жана соттуулугун өтүнүч боюнча алып салуу шартары жана бири-биринен айрымаланылышы. Сот соттуулугун жоюлуш мөөнөттөрүнүн өзгөчөлүктөрү.

### №20. Тема Жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилигин өзгөчөлүктөрү.

Жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилиги: негизги түшүнүктөр, түркүмү жана түрлөрү. Жашы жетпегендерге колдонулуучу жазалардын өзгөчөлүктөрү, мазмууну жана мааниси. Жашы жетпегендерге жаза белгилөөдөгү өзгөчөлүктөр.

Тарбиялык таасир тийгизуу мажбурлоо чаралары. Аларды колдону негиздери, түрлөрү өзгөчөлүктөрү. Жашы жетпегенди жазадан бошотуу.

Жашы жетпегенди мажбурлоо чараларынколдону менен жоопкерчиликтен же жазадан бошотуу.

Жашы жетпегенди жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу.

Эскирүү мөөнөттөрүнүн өтүшүнө жашы жетпегенди кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жазадан бошотуу. Жашы жетпеген куракта соттолгондордун соттулугун жоюу.

### №21. Тема Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу жана башка чаралар.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралардын түшүнүгү жана аларды колдонуу негиздери. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларын колдоону максаты.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларын белгилөөнүн негиздери жана түрлөрү: милдеттүү амбулатордук байкоо жүргүзүү жана психиатрда даарылоо, катардагы байкоо жүргүзүү менен психиатриялык ооруканага жайгаштыруу, күчөтүлгөн байкоо жүргүзүү менен психиатриялык ооруканага жайгаштыруу.

Медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларын колдонууну узартуу, өзгөртүү жана токтотуу негиздери. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу убактысын кошуп эсептөө.

Акыл-эсинен ажырабаган, психикасы бузулган деп таанылган адамдарга карата медициналык мажбурлоо чараларын колдонуу.

Аракечтиктен, бангиликтен же токсикоманиядан, туберкулездон, жыныстык дарттан жана ВИЧ-жугуш оорусунан жапа чеккен адамдарга карата медициналык чараларды колдонуу.

## «ЖАЗЫК УКУГУ» (ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮК)

### №22. Тема Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укугунун Өзгөчө бөлүгү, анын мааниси жана түркүмү.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укугунун Өзгөчө бөлугү, анын мааниси жана түркүмү. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза укугунун Жалпы жана Өзгөчө бөлугүктөрдүк биримдиги. Кылмыш-жаза укугунун Өзгөчө бөлүгүндө анын негизги башаттарынын жана максаттарынын берилиши.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза укугунун Өзгөчө бөлүк түркүмүнүн түшүнүгү. Өзгөчө бөлүктүн түркүмүн түзүү башаттары. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын улуттук кылмыш-жаза мыйзамынын Өзгөчө бөлүгүнүн түптөлүшүнө болгон салымы жана ооруду

Кылмышты жиктөөдөгү (квалификациядагы) түшүнүк жана түрлөрү. Кылмышты жиктөөдө негиз катары кылмыштын курамынын орду. Кылмышты туура жиктөөнүн шарттары. Өзгөчө бөлүктүн нормаларынын конкуренция болушу. Сот акыйкатчылыгын оорундатуудагы кылмышты туура жиктөөсүнүн мааниси. Кылмышты туура жиктөө – адамдардын укуктарын жана мыйзамдык талаптарынын кепилдиги катары.

## №23. Тема Өмүргө каршы кылмыштар

Өмүргө каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү. Киши өлтүрүү түшүнүгү. Киши өлтүрүүнүн түрлөрү. Жабырлануучуга өлүм зыянын келтирүү менен коштолгон киши өлтүрүүнүн, башка киши өлтүрүүдөн чектелиши.

Оордотуучу жагдайлардагы киши өлтүрүү. Оордотуучу жагдайлардын мүнөздөмөсү. Бир канча оордотуучу жагдайлардын камтыган киши өлтүрүүнү жиктөө.

Жеңилдөөтүүчү жагдайларда киши өлтүрүү. Эненин жаңы төрөлгөн баласын өлтүрүшү. Боорукердиктен киши өлтүрүү (эвтаназия). Аффект абалында киши өлтүрүү. Зарыл коргонуунун чектеринен аша чабуuда, же болбосо кылмыш жасаган адамды кармоо үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабууда киши өлтүрүү.

Этиятсыздыктан киши өлтүрүү. Өзүн-өзү өлтүрүүгө жеткирүү. Өзүн-өзү өлтүрүүгө түрткү берүү.

## №24. Тема Ден соолукка каршы кылмыштар

Ден соолукка каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү. Ден соолукка оор зыян келтирүү түшүнүгү. Ден соолукка оор зыян келтирүүнүн түрлөрү.

Ден соолукка оор эмес зыян келтирүү. Бул кылмыштуулуктун белгилерин жиктөөнүн мүнөздөрү. Ден соолукка оор эмес зыян келтирүүнүн Этиятсыздыктан киши өлтүрүү менен киши өлтүүрдөн айырымасы.

Ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү. Бул кылмыштуулуктун белгилерин жиктөөнүн мүнөздөрү.

Кыйноолор. Уруп-согуп кыйноо.

Өмүргө жана ден соолукка кооптуу зомбулукту колдонуу менен коркутуу.

## № 25. Тема Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген кылмыштар

Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү. Трансплантация үчүн адамдын органдарын же ткандарын алууга мажбурлоо. Адамдын органдарын же ткандарын трансплантация жүргүзүүнүн мыйзамда белгиленген тартибин бузуу, ошого тете аларды мыйзамсыз соода кылуу. Мыйзамсыз боюнан алып салуу. Айыкпас инфекциялык ооруну жуктуруу. Коркунучта калтыруу. Жардам көрсөтпөй коюу.

## № 26. Тема Инсанды медициналык жана фармацевттик тейлөө чөйрөсүндөгү кылмыштар

Инсанды медициналык жана фармацевттик тейлөө чөйрөсүндөгү кылмыштар түшүнүгү жана түрлөрү. Медициналык же фармацевттик кызматкер тарабынан кесиптик милдеттерди талаптагыдай эмес аткаруунун объективдүү жана субъективдүү белгилери.

Адамга сыноону мыйзамсыз жүргүзүүнүн объективдүү жана субъективдүү белгилери.

Өлгөн адамдын ткандарын жана органдарын мыйзамсыз алуунун объективдүү жана субъективдүү белгилери.

Бөлөк урук клеткасын аялга жалгаштыруунун алуунун объективдүү жана субъективдүү белгилери.

Түйүлдүк менен тыюу салынган аракеттер: объективдүү жана субъективдүү белгилери.

Донордук канды жүгүртүү тартибин бузуунун объективдүү жана субъективдүү белгилери.

Күч колдонуу менен донорлук кылуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги.
Мыйзамсыз дарылоо иши: объективдүү жана субъективдүү белгилери.
Врачтык сырды ачыкка чыгаруу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги.

## № 27. Тема Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар

Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Зордуктоо. Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо.

## № 28. Тема Инсандын руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына каршы кылмыштар

Инсандын руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Он алты жашка жетелек адам менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер.
Ыплас аракеттер.
Сойкулук кылууга тартуу.
Сойкулукка жана ыпластыкка көмөктөшүү.
Билип туруп жашы жетелекти порнобизнеске тартуу.
Жаныбарларга ырайымсыз мамиле кылуу.

## № 29. Тема Кишинин жеке эркиндигине каршы кылмыштар

Жарандын жана адамдын эркиндиги жана укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясында. Жарандын жана адамдын эркиндигин камсыздоо ыкмалары. Кишинин жеке эркиндигине каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Киши уурдоо.
Кишилерди соода кылуу.
Эркиндигинен мыйзамсыз ажыратуу.
Эмгекти мажбурлап пайдалануу (кул эмгеги).
Психиатриялык стационарга мыйзамсыз жаткыруу.

## № 30. Тема Үй-бүлө мамилелеринин салттарына жана жашы жетелектердин кызыкчылыктарына каршы кылмыштар

Үй-бүлө мамилелеринин салттарына жана жашы жетелектердин кызыкчылыктарына каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Адамды никеге туруу максатында уурдоо. Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу. Эки жана андан көп аял алуу. Кылмыш жасоого жашы жетелекти тартуу. Жашы жетелектерди чет өлкөлүк мамлекеттин аймагындагы куралдуу жаңжалдардын же согуштук аракеттердин чөлкөмүнө алып чыгуу. Ымыркайды алмаштырып коюу. Асырап алуунун сырын ачыкка чыгаруу

## № 31. Тема Адамдын саясий жана башка укуктарына каршы кылмыштар

Адамдын саясий жана башка укуктарына каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Адамдын тең укуктуулугун бузуу. Жекече жашоонун кол тийбестигин бузуу. Мыйзамсыз кармоо же камакка алуу. Кыйноолорду болтурбоо максатында медициналык кызматкерге күбөлөндүрүү жана башка аракеттерди жүргүзүүдө тоскоолдук кылуу. Кат алышуу жашыруундуулугун бузуу. Турак жайга кол тийбестикти бузуу. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу. Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу. Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу. Шайлоо документтерин бурмалоо. Мыйзамсыз диний топту уюштуруу. Тынч чогулушту өткөрүүгө же ага катышууга тоскоолдук кылуу. Эмгек акыны, пенсияны, жөлөк пулду төлөбөө. Автордук, аралаш укуктарды жана патент ээлеринин укуктарын бузуу.

## № 32. Тема Менчикке каршы кылмыштар

Менчикке каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү. Уурулук. Уурулуктун формасы жана түрлөрү, алардын бөлүнүшүнүн критерийлери. Кылмыштуулукту квалификациялоо жана жаза белгилөө үчүн уурдалган нерсенини көлөмүнүн мааниси.

Уурдоо. Уурдоонун түшүнүгү жана белгилери. Уурдоонун квалификациялык түрлөрү.

Алдамчылык. Алдамчылыктын түшүнүгү жана белгилери. Алдамчылыктын квалификациялык түрлөрү.

Тоноо. Тоноонун түшүнүгү жана белгилери. Тоноонун уурдоодон айырымасы.

Каракчылык. Каракчылыктын түшүнүгү жана белгилери. Каракчылыктын зомбулук көрсөтүп уурдоодон айырымасы.

Ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу. Ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуунун түшүнүгү жана белгилери. Ишенип берилгендин коротуудан айырымасы. Ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуунун квалификацияланган түрлөрү.

Уроонун белгилерин камтыбаган пайда көрүү максатындагы кылмыштар, менчике кол салуу.

Опузалап талап кылуу. Опузалап талап кылуунун түшүнүгү жана түрлөрү. Опузалап талап кылуунун квалификациялык түрлөрү. Опузалап талап кылуунун каракчылык жана башка уурдоонун түрлөрүнөн айырымасы.

Алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу менен мүлктүк залал келтирүү. Алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу менен мүлктүк залал келтирүүнүн алдамчылыктан айырымасы.

Автотранспорт каражаттарын айдай качуу.

Менчике каршы пайда көрүү максатында эмес жасалган кылмыштар. Атайылап бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу.

Жайды, имаратты же курулманы өзүм билемдик менен ээлеп алуу же басып алуу.

Бөтөн жер участогун өзүм билемдик менен ээлеп алуу

## № 33. Тема Экономикалык ишти жүзөгө ашыруунун тартибине каршы кылмыштар

Экономикалык ишти жүзөгө ашыруу тармагындагы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Мыйзамсыз ишкердик же банктык иш. Кумар оюндарын өткөрүү үчүн көмүскө жайды уюштуруу же күтүү, кумар оюндарын өткөрүү. Жалган ишкердик. Каржы пирамидаларын уюштуруу. Кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо).

Монополисттик аракеттер же атаандаштыкты чектөө. Бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо. Товарларды индивидуалдаштыруу каражаттарын (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) мыйзамсыз пайдалануу. Рейдерлик. Коммерциялык же банктык сырды түзгөн маалыматты мыйзамсыз алуу. Коммерциялык, банктык жашыруун сырды, салык төлөөчүнүн жашыруун сырын ачыкка чыгаруу. Баалуу кагаздар рыногундагы инсайдердик бүтүмдөр. Экономикалык контрабанда.

### № 34. Тема Акча-насыя жана валюта чөйрөсүндөгү кылмыштар

Акча-насыя жана валюта чөйрөсүндөгү кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Насыяны мыйзамсыз берүү. Акчаны же баалуу кагазды жасалма жасоо. Төлөм документтеринин жасалмасы.

### № 35 . Тема Салык салуу чөйрөсүндөгү кылмыштар

Салык салуу чөйрөсүндөгү кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Акциздик маркаларды жасалма жасоо. Милдеттүү түрдө акциз салынуучу продукцияны акциздик маркасыз өндүрүү. Спиртти жана спиртти камтыган ичимдиктерди мыйзамсыз өндүрүү. Бажы төлөмдөрүн төлөөдөн качуу. Бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу. Уюмдардан бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу.

### № 36 . Тема Коммерциялык жана башка уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар

Коммерциялык жана башка уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Коммерциялык же башка уюмда ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануу. Ачык тооруктарды, аукциондорду же тендерлерди өткөрүүнүн тартибин бузуу. Жеке нотариустардын, аудиторлордун, эксперттердин же баалоочулардын ыйгарым укуктарын кыянаттык менен колдонуусу. Жеке күзөт жана детектив кызматтарынын кызматчыларынын ыйгарым укуктарынан аша чабуусу. Коммерциялык паралап сатып алуу. Кызматчынын мыйзамсыз сый акы алуусу.

### № 37. Тема Коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар

Коомдук коопсуздукка каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар. Терроризм актысы. Террордук ишти каржылоо. Террордук ишке көмөктөшүү. Террордук ишти жүзөгө ашырууга ачык чакырыктар. Кыргыз Республикасынын жаранынын чет өлкөлүк мамлекеттин аймагындагы куралдуу жаңжалдарга же согуш аракеттерине катышуусу же террордук даярдыктан өтүүсү. Барымтага алуу. Имараттарды жана курулмаларды басып алуу. Адамды кылмыштуу ишке катышууга мажбурлоо. Терроризм актысы жөнүндө билип туруп жалган кабарлоо. Куралдуу кошуундарды мыйзамсыз түзүү же ага катышуу. Уюшкан топту түзүү же ага катышуу. Кылмыштуу уюмду түзүү же ага катышуу. Кемени айдай качуу же басып алуу. Атайын техникалык каражаттарды мыйзамсыз жасап чыгаруу жана жүгүртүү. Куралды, ок-дарыларды мыйзамсыз жүгүртүү. Куралды мыйзамсыз даярдоо. Небрежное хранение оружия. Куралды этибарсыз сактоо. Куралды сактоо боюнча милдеттерди талаптагыдай эмес аткаруу. Атуучу куралды уурдоо же опузалап алуу.

.

### № 38. Тема Өнөр жайда, курулушта жана жогорку коркунучтагы булактарды пайдалануу чөйрөсүндө коопсуздукка каршы кылмыштар

Өнөр жайда, курулушта жана жогорку коркунучтагы булактарды пайдалануу чөйрөсүндө коопсуздукка каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Тоо-кен, курулуш, жарылуу кооптуулугу бар же башка жумуштардын коопсуздук эрежелерин бузуу. Сапатсыз курулуш. Жарылуучу, тез күйүүчү заттарды жана пиротехникалык буюмдарды мыйзамсыз жүгүртүү. Өрт коопсуздугунун эрежелерин бузуу. Радиоактивдүү материалдарды мыйзамсыз колдонуу. Радиоактивдүү материалдарды уурдоо же опузалап алуу.

### № 39. Тема Коомдук тартипке каршы кылмыштар

Массалык баш аламандыктар түшүнүгү жана түрлөрү.

Массалык баш аламандыктар. Жолдорду мыйзамсыз тосуу. Ээнбаштык.

### № 40. Тема Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун жана прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштар

Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун жана прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо. Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатысыз мыйзамсыз даярдоо. Прекурсорлорду мыйзамсыз даярдоо. Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу алып өтүү үчүн аларга атайын эрежелер белгиленген предметтердин контрабандасы. Баңгизат каражаттарын же психотроптук заттарды уурдоо же болбосо опузалап алуу. Баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды колдонууга көндүрүү. Баңгизат каражаттарын камтыган өсүмдүктөрдү себүү жана өстүрүү. Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун жана прекурсорлорун мыйзамдуу жүгүртүүнүн эрежелерин бузуу. Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды же алардын аналогдорун керектөө үчүн көмүскө жайларды уюштуруу же кармоо. Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун алууга документти мыйзамсыз берүү же болбосо жасалма жасоо.

### № 41. Тема Калктын саламаттыгына каршы кылмыштар

Калктын саламаттыгына каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Сатып өткөрүү максатында күчтүү таасир этүүчү же уулуу заттарды мыйзамсыз жүгүртүү. Күчтүү таасир этүүчү же уулуу заттарды мыйзамсыз жүгүртүү. Дары каражаттарын мыйзамсыз өндүрүү же сатуу. Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди бузуу. Адамдар үчүн коркунуч жараткан жагдайлар тууралуу маалыматты жашыруу же бурмалоо. Керектөөчүлөр үчүн коркунуч жаратуу.

### № 42. Тема Экологиялык коопсуздукка жана жаратылыш чөйрөсүнө каршы кылмыштар

Экологиялык коопсуздукка жана жаратылыш чөйрөсүнө каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

Атайын экологиялык эрежелерди бузуу менен байланышкан кылмыштар (атайын экологиялык кылмыштар). Иштерди жүргүзүүдө айлана-чөйрөнү коргоо эрежелерин бузуу. Экологиялык коркунучтуу заттарды жана калдыктарды пайдалануу эрежелерин бузуу. Биологиялык агенттерди же токсиндерди колдонууда коопсуздук эрежелерин бузуу. Ветеринардык эрежелерди бузуу

Токойду коргоо аймагындагы кылмыштар. Токойду жок кылуу же бүлүнтүү. Дарактарды жана бадалдарды мыйзамсыз кыюу.

Сууларды жана атмосфераны коргоо аймагындагы кылмыштар. Сууларды булгоо. Атмосфераны булгоо.

Жерди, жер казынасын пайдалануу, континентальдык шельфти жана Кыргыз Республикасынын өзгөчө экономикалык зонасын коргоо аймагындагы кылмыштар. Жерди бузуу. Жер казынасын коргоо жана пайдалануу эрежелерин бузуу.

Жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү коргоо аймагындагы кылмыштар. Жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү жок кылуу. Балык корун коргоо эрежелерин бузуу. Балыкты, же болбосо суу жаныбарларын мыйзамсыз уулоо жана кармоо.

**№ 43. Тема Транспорттун жана магистралдык түтүк өткөрмөлөрүнүн кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздугуна каршы кылмыштар**

Транспорттун жана магистралдык түтүк өткөрмөлөрүнүн кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздугуна каршы кылмыштардын түшүнүгү жана түрлөрү.

